# Оңдоп-түзөгөндү туура кабыл ал

## Дөөтү падыша менен Батшеба (2-бөлүк)

**Көрсөтмө:** Бул көнүгүүнү тынч жерде аткар. Төмөндө көрсөтүлгөн аяттарды окуп жатканда андагы каармандардын үнүн угуп, кандай сезимде болушканын ойлонуп, өзүңдү ошол окуяга катышып жаткандай элестет.

**Негизги каармандар:** Дөөтү падыша менен Натан пайгамбар

**Кыскача маалымат:** Дөөтү падышанын чоң күнөөсү кечирилет, бирок ал кылган ишинин кесепетин тартат.

### 1 ОКУЯНЫ ТАЛДА. 2 ШЕМУЕЛ 12:1—24-АЯТТАРДЫ ОКУ.

Сенин оюң боюнча, Натан пайгамбар кандай киши болгон?

Кедейдин козусун мисал кылып айтып жатканда Натан пайгамбардын үнүнүн тону кандай болгон деп ойлойсуң?

Натан пайгамбар мисалынын маанисин түшүндүрүш үчүн 7—9-аяттардагы сөздөрдү айтканда, үнүнүн тону кандай болуп өзгөргөн деп ойлойсуң?

### 2 ТЕРЕҢИРЭЭК ОЙ ЖҮГҮРТҮП КӨР.

Натан пайгамбар Дөөтү падыша менен сүйлөшөр алдында эмне үчүн эмне айтарын жакшылап ойлонушу керек болгон?

Сенин оюңча, Натан пайгамбар эмне үчүн дал ушундай мисал келтирген?

Натан пайгамбар Дөөтү падышанын адилеттүүлүк сезимин кантип ойготкон? Анын Дөөтү падышаны күнөөсүн моюнга алууга мажбурлабай, так ушундай кылганы эмне үчүн күчтүүрөөк таасир эткен?

Кээ бирөөлөргө Жахаба Дөөтүнүн күнөөсүн тез эле кечирип койгондой сезилиши мүмкүн. (*13-аятты дагы бир жолу оку.*) Бирок Жахаба адамдын жүрөгүндөгү биз көрө албаган эмнени көрө алат?

Дөөтү падышанын кылган ишинин кесепетин тартканы эмне үчүн адилеттүү болгон деп ойлойсуң? (*10—12, 14-аяттарды дагы бир жолу оку.*)



www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

## 3 БИЛГЕНДЕРИҢДИ ИШ ЖҮЗҮНДӨ КОЛДОН.

Төмөнкүлөргө байланыштуу эмнелерди билгениңди жаз.

Момун болуунун маанилүүлүгү. ____________________

____________________

Күнөөнүн кесепети. ____________________

____________________

Жахабанын ырайымдуулугу. ____________________

____________________

## 4 ОЙЛОНУП КӨР:

Башкалар мага кандай учурда кеңеш берип, оңдоп-түзөштү эле? ____________________

____________________

Кеңешти туура кабыл алуу жагынан канткенде жакшыра алам? ____________________

____________________

Кимдир бирөөнүн кеңеш берип, оңдоп-түзөгөнүн Жахабанын мени жакшы көргөнүнүн белгиси катары кабыл алышым керек? (ЖАРДАМ: Еврейлер 12:5, 6ны оку.) ____________________

____________________

____________________

Бул окуянын кайсы жагы мага баарынан да көбүрөөк тиешелүү болду? Эмне үчүн? ____________________

____________________

____________________

**Кеңеш:** Бул окуянын аягы башкача болуп бүткөнүн элестетип көр. Эгер Дөөтү падыша күнөөсүн мойнуна албай, атүгүл Натан пайгамбарды жазага тартса, эмне болмоктугун жаз. Анда Жахаба Дөөтү падышага кандай өкүм чыгарат эле?



JW.ORG™
Бул PDF файлды www.jw.org/ky сайтынан жүктөп алгыла



www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania